# Туура эмес тамак




Автор: Елена Молчанова
Сүрөтчү: Сайкал Картанбаева
Которгон: Талгат Деркембаев

# Туура эмес тамак

Автор: Елена Молчанова
Сүрөтчү: Сайкал Картанбаева
Которгон: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Туура  эмес тамак" (кыргыз тилинде), автор Елена Молчанова, сүрөтчү Сайкал Картанбаева, которгон Талгат Деркембаев

*Неспортивная еда*, Copyright © 2023, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Бакыт сабактардан кийин достору менен дүкөнгө кирчү. Ал кытыраган чипсы же ар кандай даамдары бар туздалган катырак нандарды сатып жегенди жакшы көрчү. Жолдон шам-шум этип алып, үйдөгү түшкү тамактан  баш тартып коёр эле.

Бакытка апасы жасап берген тамак жакчу эмес. Сорпо, котлета жана шербеттин ордуна, ал фри картошкасы кошулган гамбургерди жегенди жакшы көрчү. Артынан таттуу кола ичип коёт. Мунун зыян экенине ишенгиси да келчү эмес.





Бир сапар Бакыт ата-энесин кафеге кирип тамактанууга көндүрдү. Бирок ал бул жерден демейдегиден башкача бир нерсени байкады. Атасы менен апасы тамакты алганы кетишкенде, Бакыт жанындагы столдо кыймылдаган бир нерсени байкай калды. Жанында киши жок болчу. Болгону тамактын калдыктары эле бар болчу. Кичинекей капкара бир нерсе фри картошкасын сүйрөп баратыптыр.

Бакыт буларды кумурскалар го деп ойлоп кетти. Бирок жакын келип, үңүлүп караса, кичинекей семиз кишилер экен. Алар жай кыймылдап, оор дем алып баратышыптыр.

– Ой, силер кимсиңер? – деп Бакыттын эси чыкты.

Тиги кишилер да селейип катып калышты.

– Элдин назарын бурдуруп эмне кыйкырып жатасың? – деп кичинекей кишилер нааразы болушту.

– Азыр биз баарын чогултуп алып кетебиз. Бул жерде ызы-чуу чыгаруунун кереги жок, – дешти алар.

– Ой, силер сүйлөгөндү да билет турбайсыңарбы? – деп Бакыт шыбырады. Ал таң калганынан отуруп калды.

– Сен эмне бизди бир акыл-эси жок курт-кумурска деп ойлодуң беле? – деп кичинекей кишилер каткырып жиберишти.



– Силер кайдан келген жансыңар? – деп сурады Бакыт.

– Биз ушул столдун астында эле жашайбыз. Бул жерге келгендер жебей калтырып кеткен тамак-аштын калдыгын жейбиз, – деп эң семизи араң айтты. Ал сүйлөгөн сайын кышылдап терең дем алып жатты.


– Силер эмне мынча семизсиңер? – деп Бакыт таң калганын жашырбай.

– Эмнеге экенин билбейсиңби? Ушундай тамактан спортсмен болуп кетет деп ойлоп жатасыңбы? Фастфуд жегендер семиришет. Ал эми шекердин көптүгүнөн тиштер бузулат, – деди тиши капкара болуп калган киши.

– Бул тамак зыян болсо, силер аны эмнеге жеп жатасыңар? – деп Бакыт таң калды.

– Биз Олимпиада оюндарына барбайбыз да. Деги эле кыймылдаганды жаман көрөбүз. Курсакты майлуу, эттүү тамактар менен кампайтабыз. Анан жатып алып мультфильм көргөндү жакшы көрөбүз, – деп кичинекей адамдар мурункусунан да катуу каткырышты.

– Фастфуд – өтө зыяндуу тамак. Бирок ал – аябай даамдуу, – деп купкуу кичинекей киши шилекейин куюлтту.






– Болду эми! Сени менен бул жерде сүйлөшкөнгө убактыбыз жок. Тамак жеш керек. Жарым сааттан бери куурулган фри картошканы жей элекпиз. Жай кадам менен үйдү көздөй марш! – деп эң семиз кичинекей киши буйрук берди. Ал ар бир сөзүнөн кийин ынтыгып жатты.

Ушул маалда Бакыттын ата-энеси да келип калышты. Бакыт күтүүсүздөн чочуп кетти. Столдун үстүндө эч ким жок.

– Бул жерге эмне отуруп алгансың? Фри картошкаң муздап калат, – деди атасы.

– Ата, мен куурулган фрини жегим келбей калды. Гамбургерди да жебейм. Кола да ичпейм, – деди Бакыт.

– Бир жериң ооруп турабы? Биз келгенче эмне болуп кетти? – деп апасы чекесин кармап көрдү.





– Баары жакшы эле. Чын эле, – деди Бакыт.

– Апа, сиз үйдө шорпо бар дебедиңиз беле?


– Ооба, бар. Бирок сен аны жебейм дедиң эле го, – деп таң калды апасы.

– Бадыраң менен помидордон салат жасап бересизби? – деп сурады Бакыт.

– Макул, – деп апасы андан бетер таң калды.

– Ал эми муну спортсмен болгусу келбегендер жесин. Мен көптөн бери бассейнге түшүүгө барайын деп жүрдүм эле. Ата, сиз менен барсам болобу? – деп сурады Бакыт.

– Ой, балам, сен мени таң калтырасың го! Албетте, болот! – деп атасы Бакытты башынан сылады.



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН


Автор: Елена Молчанова
Сүрөтчү: Сайкал Картанбаева
Которгон: Талгат Деркембаев



USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли